КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ТОҢ РАЙОНУ

УЛАХОЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН

УЛАХОЛЬСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

---

ДЕПУТАТТАРДЫН УЛАХОЛ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН
VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XIX СЕССИЯСЫНЫН
№ 126 - Т О К Т О М У

3-февраль 2023-жыл.

Шор-Булак айылындагы көчөнүн атын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө.

---

Шор-Булак айылындагы көчөнүн атын өзгөртүүгө макулдук берүү боюнча Ж.Орускожоевдун билдирүүсүн жана укук, депутаттык этика, жаштар иштери жана маданият боюнча туруктуу комитеттинин 30.01.2023-жылдагы протоколунун корутундусун угуп жана талкуулап, Улахол айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Абдразаков Шайхидиндин ысымы Шор-Булак айылындагы Балыкчы- Каракол автожолу өткөн чоң көчөгө ыйгарылгандыгына байланыштуу, мурда Ш. Абдразаковдун атын алып жүргөн (Н.Сырдыбаевден Т.Ботокановдун турак үйүнө чейинки) көчөнүн аталышы жокко чыгарылсын.

2. Мурунку Абдразаков Шайхидин атындагы көчөнүн аталышы өзгөртүлүп (Н.Сырдыбаевден Т.Ботокановдун турак үйүнө чейинки) Жаамбай Абдразаков атындагы көчө деп аталсын.

3. Мурунку Абдразаков Шайхидин атындагы көчөнүн аталышын өзгөртүп (Н.Сырдыбаевден Т.Ботокановдун турак үйүнө чейинки), аны Жаамбай Абдразаков атындагы көчө деп каттоо жагы, Кадастр мамлекеттик мекемесинин Тоң филиалынан суралсын.

4. Аталган көчөнүн атын өзгөртүүгө макулдук берүү боюнча тиешелүү иш кагаздарын бүткөрүү, табличкаларды илүү, көчөнүн тазалыгына, ирээтине көз салуу жана жарыктандырууну коюу, көчөнүн атынын өзгөргөндүгү боюнча көчөнүн тургундарына маалымат жеткирүү жагы Жаамбай Абдразаковдун бир тууганы Абдразаков Жыргалбайга милдеттендирилсин.

5. Улахол айылдык Кеңешинин 2023-жылдын 3-февралындагы №126 токтому Ысык-Көл областык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл кеңешинин укук, депутаттык этика, жаштар иштери жана маданият боюнча туруктуу комитетине тапшырылсын.

Төрага А.Жолалиев

Катчы И.Жээнтаев